**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК**
**УНИВЕРСИТЕТИ**
**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д. 13.20.623 диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 370:371:3:371:302.2:372.3:894.341.*

**МААТАЗИМОВА ГУЛЗАТ ЭРМАМАТОВНА**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БАЛДАР ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ҮЙРӨТҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ (3-4-КЛАСС)

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2021**

Диссертациялык иш Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Ишекеев Назаркул Ишекеевич**, КР Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Рысбаев Сулайман Казыбаевич,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү билим берүү жана адабият лабораториясынын башкы илимий кызматкери

**Саттарова Азиза Тешабаевна,** педагогика илимдеринин доктору, доцент, М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тилдери кафедрасынын башчысы.

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары жана кыргыз адабияты кафедралары.
Дареги: 723500. Ош шаары, Ленин көчөсү – 331.

Коргоо 2021-жылдын 26-ноябрында саат 15.30да И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин жыйынында өтөт, дареги: 720023, Бишкек ш., 10 кичи району, Саманчин көч., 10-а.

Диссертацияны коргоону онлайн көрсөтүүнүн жеке коду: https://vc.vak.kg/b/d13-twl-1v3-x7g

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (Бишкек ш., Раззаков көч. 51), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш. Фрунзе көч. 547), Кыргыз билим берүү академиясынын (Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы, 25) китепканаларынан жана http:arabaev.kg/do.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 26-октябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** **Омурбаева Д.К**

## ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы ааламдашуу жана технологиялашуу доорунда билим берүү процессине кыргыз элинин улуттук мурастарын, рухий-адептик баалуулуктарын киргизүү жана аларды өсүп келе жаткан муунга жеткирүү милдеттери алдыга коюлду. Кийинки жаштардын массалык маданияттын агымына өзгөчө тартылышы, туш тараптан кысып келе жаткан, элибиздин менталитетине ылайык келбеген көз караштар болочок муундун көзүн тумандатып, көкүрөгүн сокур кылууну көксөөдө. Билим берүү тармагынын эң башкы милдеттеринин бири – ошол сырттан келген жагымсыз көрүнүштөргө туруштук бере алуучу элдик тарбиянын өзөктүү идеяларын өзүнө сиңдирүү менен жалпы адамзаттык гуманисттик ойлорду кабыл ала билген ар тараптуу инсандын тарбияланышын ишке ашыра билгендигинде. Учурдагы жаштарда баңгичилик, ичкилик ичүү, тамеки тартуу, рэкеттик кылуу, бирөөлөрдү басынтуу сыяктуу терс сапаттар күчөп, интернетомания оорусу менен ооруп жаткандыгы жалпы коомдун дарты болуп саналат. Мындай көрүнүштөргө каршы туруу үчүн бирдиктүү мамлекеттик идеологиясынын таасиринин төмөндүгү, мектеп – ата-эне – социум байланышынын бекем эместиги, педагогика илимибиздин коомдук күчүнүн жоктогу кадыресе байкалат. Ушундай мамлекеттик маанилүү ишти турмушка ашыруу үчүн кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялардын ордун, ал идеяларды башталгыч класстардын адабий окуу предметинде үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Элдик педагогиканын идеяларын пайдалануу тууралуу ойлор Я.А.Коменскийдин «Байыркы чехтердин акылмандыгы», К.Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дүйнөсү» деген эмгектеринде, классикалык педагогдордун (Ш.А.Амонашвили, Я.А.Коменский, А.С.Макаренко, И.Г.Песталоцци, Ж.Ж.Руссо, В.А.Сухомлинский, Л.Н.Толстой ж.б.) окууларында өзгөчө басым жасалуу менен белгиленген. Кыргыз жазуучуларынын чыгармалардагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген этнопедагог окумуштуулар жана методисттер (Р.А.Абдыраимова, Б.А.Апышев, А.А.Алимбеков, С.О.Байгазиев, Ж.Б.Бешимов, Г.Н.Волков, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, С.И.Иптаров, М.Х.Манликова, А.Ж.Муратов, А.Т.Калдыбаева, Ж.И.Койчуманов, М.Р.Рахимова, Т.О.Ормонов, Л.А.Шейман ж.б.) жана балдар адабиятын изилдөөчүлөр (К.А.Абакиров, К.А.Исаков, Ү.Б.Култаева, М.С.Сулайманов, О.С.Сооронов, М.Түлөгабылов, Г.Орозова ж.б.) тарабынан методологиялык негиз болгон идеяларды андан ары тереңдеттик жана бул маселелерди дагы конкреттештирип, жалпы билим берүүчү мектептердин III-IV класстарында кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын иштеп

чыктык. Бул багытта фольклордук чыгармаларды этнопедагогикалык багытта окуп-үйрөнүү методикасы С.К.Рысбаевдин докторлук диссертациясында чагылдырылган, биздин диссертациябыздын ал иштен айырмасы биз профессионал жазуучулардын негизинен прозалык чыгармаларынын мисалында теманы ачып берүүгө аракет кылдык. А.Т.Саттарованын докторлук диссертациясы болсо биздин темага бир кыйла жакын, бирок негизги айырмасы – биз изилдөөбүздө балдар жазуучуларынын прозалык чыгармаларын объект кылып алсак, ал кыргыз балдар акындарынын ырларын объект кылып алган.

Башталгыч класста адабий чыгармаларды окутуу проблемасы бир катар методисттердин эмгектеринде (Б.А.Абдухамитова, С.С.Сакиева, А.Д.Токтомаметов ж.б.) теориялык жана практикалык жактан изилденгени менен аларды этнопедагогикалык багытта үйрөнүү методикасы ырааттуу иликтөөгө алынган эмес.

Аталган теманы тандообуздун башкы себептери жана *карама-каршылыктары* булар болду: азыркы кезде жаш муундарды жетилген инсан катары калыптандырууда элдик педагогиканын салттары аркылуу тарбиялоого болгон талаптын өсүшү жогору болсо да, аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин практикага толук киргизилбей жаткандыгы; кыргыз жазуучуларынын балдар үчүн чыгармаларынын бай мазмуну жана идеясы адабияттаануу багытында изилденсе да, аларды азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жогорулатууга толук тарта албай жаткандыгыбыз; башталгыч класстарда балдар адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдердин бир топ тажрыйбалары топтолсо да, алардын илимий багытта жыйынтыкталбагандыгы, буларга илимий баа берилбегендиги. Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүү изилдөөнүн **проблемасын** аныктап, темабызды **«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)»** деп атадык. 1-класста негизинен алиппе окутулуп, тамга үйрөтүүгө көңүл бурулуп, 2-класста ошол милдет улантылса, көркөм тексттерди окуу, талдоо 3-4-класстарда тереңдей баштайт, ошон үчүн да биз изилдөөгө ушул эки классты – 3-4-классты мисал катары алдык.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация ЖАМУнун Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн объекти** – башталгыч класстарда кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн

мектептердин III-IV класстарындагы адабий окуу курсунун мазмуну.

**Изилдөөнүн максаты:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык багытта окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык мазмунун, таалим-тарбиялык функцияларын жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызы аныктоо.

2. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына жана анын изилденишине обзор берүү.

3. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын (3-4 класс) изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана илимий методдорун аныктоо.

4. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн формаларын жана методдорун иштеп чыгуу, аларды эксперименттен өткөрүп, жарактууларын практикага сунуштоо.

**Изилдөөнүн божомолу:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын өркүндөтүүгө болот, эгерде:

- балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизге таянып окуп-үйрөнүүнүн методологиялык, педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык негиздери туура табылса;
- кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын жанрдык бөтөнчөлүктөрү, темалары, идеялары, поэтикасы окутууда эске алынса;
- кыргыз жазуучуларынын балдар темасындагы чыгармаларын окутуу ошол элдин башынан өткөн тарыхый окуялары, улуттук менталитети, улуттук тили, улуттук психологиясы жана педагогикасы менен байланышта жүргүзүлсө;
- окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүндө салттуулук менен жаңычылыктын катышы натыйжалуу пайдаланылса;
- балдар жазуучуларын 3-4-класстарды окутуу процессинде окуучулардын окурмандык кызыгуулары, аймактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү эске алынса.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** төмөнкүлөр менен аныкталат: Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө алгачкы

жолу иштелип чыкты; башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасынын тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши, методологиясы жана методикасы алгачкы жолу атайын максатта анализденди; балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык багытта үйрөтүүнүн натыйжалуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталды; илимий изилдөөдө аныктаган натыйжалуу методдор, жолдор, каражаттар педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы илимий-педагогикалык жактан ар тараптуу иштелип чыккандыктан ал сунуштар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө жана университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда жардам берет.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасынын тарыхый эволюциясы, өзгөчөлүктөрү, азыркы абалы, проблемалары;
- этнопедагогикалык негиздеги балдар жазуучуларынын чыгармаларынын башталгыч класстардын окуу программаларында, окуу китептеринде, усулдук колдонмолордо берилиши;
- башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп үйрөнүү аркылуу окуучулардын этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикалык негиздери;
- башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу процессинде мугалимдер ээ болуучу этнопедагогикалык компеттенттүүлүктөр, ошол компетенттүүлүктөргө жеткирүү үчүн зарыл болуучу педагогикалык-дидактикалык негиздер;
- башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү ишмердүүлүгүн мындан ары өркүндөтүү боюнча ойлор жана сунуштар ж.б.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча оптималдуу методикалык ыкмалардын табылгандыгы; аталган багытта окутуунун тарыхы, өзгөчөлүктөрү, изилдөөнүн абалы аныкталгандыгы; балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн салттуу жана инновациялык технологияларынын иштелип чыккандыгы жана практикага сунушталгандыгы жана ал методикалык ыкмалардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу далилденгендиги ж.б.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо)**:

Диссертациялык тема боюнча ЖАМУнун, республикалык, эл аралык илимий-практикалык кеңешмелерине докладдар даярдалган тема боюнча 10дон ашык макалалар жазылган жана иш аткарылган жерде – ЖАМУнун Педагогика жана психология кафедрасынын, Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын отурумдарында, Сузак районунун №89 П.Жуманазаров, №75 К.Эрматов, №83 З.Жамашев, №51 С.Жээнбеков атындагы орто мектептеринде, Жалал-Абад шаарындагы №16, №4, №21, №5 орто мектептеринде талкууланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Илимий иштин негизги материалдары жана анын сунушталган жоболору илимий-практикалык конференцияларда, кафедранын жыйындарында баяндама катарында окулган. Диссертациянын негизги мазмуну 10 макалада, анын ичинде 4 РИНЦ даражасындагы макалада тастыкталган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Эмгектин жалпы бети – 164 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 308, таблицалар – 11, сүрөттөр – 5.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү проблемасынын изилдениши жана методологиялык негиздери»** деп аталган диссертациянын 1-главасы теориялык аспектиде жазылган. Анын биринчи параграфы *«Кыргыз балдар адабиятынын этнопедагогикалык мазмуну, таалим-тарбиялык функциялары жана алардын азыркы шарттагы маани-маңызы»* деп аталат.

Илимий изилдөөнүн логикасына ылайык адегенде адабияттын адам турмушундагы, коомдогу мааниси тууралуу ой жүгүртүлүп, ошол адабияттын бир бөлүгү болгон балдар адабиятына мүнөздөмө берилет. Балдар адабиятынын жалпы адабияттын ичиндеги специфкалык өзгөчөлүктөрү адабият таануу багытындагы эмгектерге таянып көрсөтүлөт. Балдар үчүн жазылган чыгармалардын башкы өзгөчөлүгү – анын дидактикалык, таалим-тарбия берүүчүлүк функциясы.

Кыргыз эли байыркы замандан тартып эле этнопедагогикалык маани-маңызы күчтүү чыгармаларды жаратып, аларды оозеки формада муундан муунга өткөрүп, бала төрөлгөндө бешик ыры менен оозандырып, акыркы сапарга кошок менен узаткан. Ушул традициялуу дидактизм, этнопедагогикалык идеяларга таянып чыгармаларды жазуу советтик кыргыз балдар адабиятында да андан ары улантылып, тарбиялык функциясы жогору, окуучулардын адептик жана мекенчилдик сапаттарын, акыл-оюн, эстетикалык табитин жогорулатууга салым кошууга татыктуу чыгармалар жаратылган жана алар адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартына

ылайык окуу программаларына киргизилген. Андыктан ошол жазуучулардын балдар үчүн ылайыкташтырылып жазылган чыгармалары «Адабий окуу» предметинин негизги мазмунун түзөт.

XX кылымдан 20-30-жылдарында кыргыз совет жазма адабияты пайда болушу менен эле анын калыптанышы үчүн улуттук фольклор биринчи булак болуп берди, А.Токомбаев «Курманбек» эпосун кара сөз түрүндө жазган (1923), К.Баялиновдун «Балдар аңгемелери» деген китебине (1926) «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» деген эл арасында айтылып жүргөн жомокторду кайра иштеп чыккан эки чыгармасы кирип, алар аркылуу жаш окурмандар улуттук педагогикалык маданияттын салттарын өздөрүнө кабыл ала баштаган. Ошентип, кыргыз эл педагогикасынын башкы каражаты катары көркөм адабият окутуу жана тарбиялоо процессине тартылган. Эмгекте 1924-жылы Ишеналы Арабай уулунун авторлугунда чыккан «Кыргыз алиппеси» деген алгачкы окуулуктагы этнопедагогикалык мазмун талдоого алынат. Этнопедагогика түшүнүгүнө жана анын адабий чыгармаларда интерпретацияланыш өзгөчөлүгүнө карата айрым ойчулдардын, окумуштуулардын (А.Алимбеков, В.Г.Белинский, Г.Н.Волков, Н.А.Добролюбов, А.Т.Калдыбаева, К.Д.Ушинский ж.б.) пикирлери да ушул бөлүмдө көрсөтүлөт.

*«Кыргыз балдар адабиятын башталгыч класстарда окуп-үйрөнүү проблемасынын изилденишинин тарыхый обзору»* деген экинчи параграф дүйнөлүк маданияттагы, илимдеги, анын ичинде адабияттаануудагы «балдар адабияты» деген түшүнүктүн эволюциясын анализдөөгө багытталат. Кыргыз совет адабиятында К.Баялиновдун «Балдар аңгемелери», «Мурат» (1929), А.Токомбаевдин «Курманбек» (1924), «Жетим» (1929), С.Нааматовдун «Жөжөлөр» (1924), А.Чынгышевдин «Менин балдарым аянтчада» (1929), К.Эшмамбетовдун «Жаратылыш сырлары» (1930) аттуу китептери эң биринчи балдарга арналган прозалык китептер болгон.

Диссертациянын 1-главасында андан ары К.Тыныстановдун окуу китептериндеги балдар үчүн жазылган чыгармаларына кеңири анализ берилип, алардын элдин сабатын, окуу маданиятын, тарбиялык таасирин көтөрүүдөгү ролу белгиленет. Т.Данияровдун «Колхоз балдары» (1932), С.Сасыкбаевдин «Кичинекей жумушчу» (1932), К.Маликовдун «Сарала козу» (1935), «Бактылуу кыз» (1935) деген китептеринде советтик балдардын образы ачылат, 1933-жылдын 1-февралдан чыга баштаган «Кыргызстан пионери» газетасы балдар адабиятын өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошкон. К.Эсенкожоевдин «Саякатчы бала» (1937), «Үчүнчү шар» (1938), «Родинанын уулу» жана «Шарше» (1939) деген китептеринин чыгышы – кыргыз балдар адабиятынын тарыхындагы өзгөчө окуя катары кабылданган.

Иште XX кылымдын 30-жылдарынан тартып окуу программалары

талдоого алынат, конкреттүү окуу программаларына жана хрестоматияларына балдар жазуучуларынын кандай чыгармалары киргизилгендиги айтылат. Балдар жазуучуларынын чыгармачылыгын тарыхый, портреттик аспектиден талдаган, атайын ушул багыттагы адабият тарыхы жана теориясы боюнча биринчи китеп М.Түлөгабыловдун авторлугунда 1963-жылы «Кыргыз балдар адабияты» деген ат менен жарыяланган. Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу боюнча, окуу жана жазуу ишмердүүлүгү багытында Б.Рысбекованын, К.Сартбаевдин изилдөөлөрү өзгөчө мааниге ээ болгон. Адабий окуу китептериндеги балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуунун методикасын иштеп чыгуу С.Кондучалованын «Балдардын өз бетинче окуусу» аттуу макаласында, А.Жолдошованын кандидаттык диссертациясында, мугалим А.Курбанбаеванын иш тажрыйбасында чагылдырылды. Башталгыч класстардын мугалими жана илимий кызматкер З.Маразыкова өткөн кылымдын 70-90-жылдарында «1-класста сабат ачуу жолдору», «Экинчи класстагы класстан тышкаркы окуу», «Үчүнчү класстагы класстан тышкаркы окуу» деген эмгектерин жарыялаган. Балдар адабиятынын табияты, балдар жазуучуларын чыгармаларын окутуу С.Рысбаевдин эмгектеринде чагылдырылган. Анын изилдөөлөрү балдар жазуучуларынын чыгармаларын башталгыч класстарда үйрөнүүнүн системалуу изилдегендигинде, ал система төмөнкүлөрдөн турат: а) окуу китептерине өзү да аңгемелерди, жомокторду, уламыштарды жазып киргизген; в) «Алиппе», «Адеп алиппеси» сыяктуу окуу китептерин жазган; г) окуу китептерин пайдалануунун методикалык колдонмолорун иштеп чыккан; д) кошумча окуу үчүн зарыл болгон көркөм чыгармалардын жыйнактарын түзгөн; ж) балдар адабиятынын педагогикалык идеяларын изилдеген; з) балдар жазуучуларынын чыгармаларын үйрөтүү технологияларын сунуштаган. Башталгыч класстарда балдар үчүн жазылган чыгармалардын окутуу технологиялары С.С.Сакиеванын ондогон макалаларында, «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деген темада педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасы боюнча диссертациясында кенен изилденген. Диссертацияда бул изилдөөлөрдүн негизги мазмуну, кыргыз педагогикасы илиминдеги орду ачып берилет.

*«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методологиялык негиздери»* аттуу парагафта философтордун (В.Ф.Асмус, М.М.Бахтин, Н.А.Бердяев, А.А.Салиев ж.б.) адамдын ой жүгүртүүсү, көркөм адабият жана коом, адабияттын эстетикалык тарбияты тууралуу эмгектерин жетекчиликке алгандыгыбыз көрсөтүлөт. Педагогиканын классиктери А.С.Макаренко, Н.К.Крупская, В.А.Сухомлинский, Г.Н.Волков, Ш.А.Амонашвили балдарды адис жазуучулар тарабынан жазылган чыгармалардын таасиринде тарбиялоонун методологиясы көрсөтүлгөн. Ошондой эле бул бөлүмдө XX кылымда советтик, орус жана

кыргыз дидактарынын, педагогикалык психологиялык теорияларын терең изилдеп чыккан Л.С.Выготскийдин, психиканын өнүгүш мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берген А.Н.Леонтьевдин, жалпы психологиянын окуусун илимге кеңири тараткан С.Л.Рубинштейндин, балдар психологиясын, анын ичинде кенже мектеп жашындагы окуучулардын психикалык өзгөчөлүктөрүн, көркөм адабиятты кабылдоо маданиятын изилдеген Д.Б.Эльконининдин ж.б. психологдордун эмгектерин пайдалангандыгыбыз чагылдырылат. Орус адабиятын окутуунун методикасы илиминде башталгыч класста лириканы окутуу боюнча 1968-жылы Е.Л.Глинская, ошол эле лириканы окутуу менен окуучулардын көркөм кабылдоосун өстүрүү боюнча 1998-жылы Э.В.Гуткина, 2005-жылы О.В.Кияйкина кандидаттык диссертациясын коргогон. 1975-жылы О.В.Джежелей окуу сабагында балдардын окурмандык өз алдынчалыгын калыптандыруу, 1983-жылы Н.М.Дружинина таанып билүү багытындагы китептер менен мугалимдердин иштөөсү тууралуу, 1985-жылы Л.Д.Мали окуу сабактарында жүргүзүлгөн чыгармачылык жумуштарды өткөрүү боюнча, 1988-жылы Л.А.Павлова окуу сабактарында көркөм окуу аркылуу адептик жана эстетикалык тарбиялоо багытында, 1988-жылы Л.С.Сильченкова башталгыч класстарда көлөмдүү чыгармаларды окутуунун методикасы боюнча, 1995-жылы Е.А.Швайкина адабий окуу сабактарында XIX кылымдагы орус поэзиясынын мурастарын окутуу тууралуу кандидаттык диссертацияларын жазган. Андан ары кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча окумуштуулардын изилдөөлөрүнө токтолдук. Биздин багыт этнопедагогика болгондуктан көптөгөн этнопедагогикалык изилдөөлөрдү методологиялык таяныч катары пайдаландык. М.Манликова бир катар эмгектеринде кыргыз мектептеринде орус адабиятын этномаданий аспектиден окутуунун теориялык маселелерин иштеп чыккан.

*«Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын таалим-тарбия берүүчү функциялары жана ал аркылуу окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетентүүлүктөр»* деген параграфта адегенде балдар чыгармаларынын азыркы замандагы жаштарды тарбиялоодогу кызматы көрсөтүлөт, андан кийин «компетенциялар», «компетенттүүлүк» деген түшүнүктөрдүн маани-маңызы ачылып берилет. Орус дидакттары белгилеген «маданий компетенттүүлүк» («культурная компетентность»), «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура»), «этнопедагогикалык компетенттүүлүк» («этнопедагогическая компетентность») деген түшүнүктөрдүн маанилери илимий теориялык багытта чечмеленет. В.А.Николаев «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура»), Г.Н.Волков «элдин педагогикалык маданияты» («педагогическая культура народа») (1999), М.Г.Харитонов «этнопедагогикалык компетенттүүлүк»деген аныктамаларды берет, эмгекте ошол түшүнүктөрдүн

мааниси талдоого алынат. 3-класста Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинен үзүндү «Жети ата» деген ат менен берилет, бул главада ошол чыгарманы этнопедагогикалык аспектиден окутуунун үлгү-мисалы сунуш кылынат.

Биздин изилдөө боюнча кыргыз балдар прозасын *этнопедагогикалык негизде окутуунун негизги талаптары* төмөнкүлөр: окуп-үйрөнүү үчүн тандалган (программага сунуш кылынган) чыгарманын окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк жарата алышы; окулуучу тексттин мазмунунда жана формасында кыргыз элинин педагогикалык маданияты, улуттук руханий баалуулуктары камтылышы керек; адабий чыгарманы окутуп жаткан мугалимдин этнопедагогикалык билими жана элдик педагогикалык маданият тууралуу кеңири маалыматтары болушу зарыл; тексттин тилдик курамында, анын ичинде лексикасында, фразиологияларында улуттук тилдин бай казынасынан алынган материалдар болгону кажет ж.б. С.К.Рысбаев бул процесстин үч жагдайын белгилейт: биринчиден, компетенттүүлүк түшүнүгү окуучунун адабий окуу сабагынан алган программалык теориялык билиминен жана практикалык машыгууларынан жетишилген деңгээл камсыз болушу зарыл; экинчиден, программага кирген окуу материалдарынын негизинде билим-билгичтиктерге окуучунун ээ экендигинин далили жана ошол маселелердин алкагындагы теориялык-практикалык окуу милдеттерин чече алуусундагы жөндөмдүүлүк; үчүнчүдөн, сабакта алган теориялык гана билимдеринин белгилүү бир топтомуна ээ болбостон, анын деңгээлиндеги ээ болгон практикалык машыгууларынын жана тажрыйбаларынын бар экендиги болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-9-класстар үчүн «Кыргыз адабияты» боюнча предметтик стандартта» «Компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү» экендиги айтылып, төмөнкүдөй компетенттүүлүктөр белгиленет: *окурмандык компетенттүүлүк; баалуулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүк; адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк*. «Адабий окуу» предметинде жазуучулардын прозалык чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн *негизги багыттары* изилдөөдө төмөнкүдөй аныкталды: Көркөм чыгармалардын идеясындагы элдик мотивдерди, элдик ойлорду таап чыгуу. Мисалы, кыргыздар баатыр боло турган балдарды кандай элдик тарбиялык салттары менен жашоого, турмушка үйрөткөн. 1. Адабий каармандардын образындагы (анын мүнөзү, сырткы портрети, башкаларга кылган мамилеси, менталитети ж.б.) улуттук белгилерди табуу жана аларды талдоо. 2. Чыгармалардын тилиндеги

(лексикасы, стилистикасы) кыргыз тилинин байлыктарын табуу, авторлор аларды кандай максатта, кайсыл учурда колдонгонун анализдөө.

«Адабий окуу» предметинде кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу менен окуучулар ээ болгон *компетенттүүлүктөрүн баалоонун чен-өлчөмдөрү (критерийлери)* биздин аныктоо боюнча мындайча болду: тексттин мазмунунан элдик идеяларды таба алуу; тексттен кыргыз элинин маданиятына байланыштуу учурларды туура түшүнүү жана түшүндүрө алуу; азыркы учурда кеңири колдонулбай жаткан кыргыз сөздөрүн (архаизм, тарыхый сөздөр ж.б.) талдоо; элдин идеалы болгон каармандарды ажыратуу; тексттеги элдик мотивдерди түшүнүү; тарыхый инсандардын иш-аракеттерин жашаган доору менен байланышта карай алуу ж.б.

**II глава «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталат. Анда изилдөөнүн объекти III-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги балдар жазуучуларынын чыгармалары, ал эми изилдөөнүн предмети ошол эле класстарды балдарга арналган прозалык чыгармаларды этнопедагогикалык негизде окутуу процесси экендиги белгиленет.*«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун материалдары»* деген параграфта III класстардын «Адабий окуу» китептеринде балдар жазуучуларынын чыгармаларынын берилишинин анализи жүргүзүлөт. Бул класста азыр эки окуу китеби колдонулат, алардын биринчисинин авторлору А.Токтоматов жана Б.Субанова, аталышы «Адабий окуу», экинчи китептин авторлору Б.А.Абдухамитова, С.К.Казыбаев, К.Ибраимова, аталышы «Адабий окуу». Бул бөлүмдө мына ушул эки китепте берилген балдар жазуучуларынын прозалык чыгармалары тууралуу маалымат берилет. Алардын ичинен биринчи китепте 18 автордун 23 прозалык чыгармасы киргизилген, жанрлар боюнча аңгеме – 12, уламыш – 3, аңгеме-тамсил – 1, жомоктун негизиндеги аңгеме – 1, юмористтик аңгеме – 1, романдан үзүндү – 1, эпостун прозалык баяндоосунун үзүндү – 1. Экинчи авторлордун китебинде 23 жазуучунун 33 чыгармасы киргизилген, биографиялык аңгемелер, тарыхый аңгемелер, эпосторду кара сөздө баяндоо аңгемелери кошулуп, прозалык чыгармалар жандык, тематикалык жактан бир кыйла байыган.

IV класстарда аңгемелерге фантастикалык аңгемелер кошулуу менен ири прозалык чыгармалар болгон повесттер менен романдардан чакан үзүндүлөр кошулгандагы ал китептерди талдоо учурунда көрсөтүлөт. Эмгекте ушул III-IV класстардын «Адабий окуу» китептериндеги жазуучулардын чыгармаларынын жалпы картинасы көрсөтүлүү менен окуу китептеринин

мазмунуна анализ жүргүзүлгөн.

*«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча теориялык методдор»* деген параграфта илимий изилдөөдө пайдаланган методдордун кыскача анализи берилет. Анда салттуу теориялык методдордун ичинен аңгемелешүү методунун табиятын, максатын, жүрүшүн, мазмунун, натыйжаларын көрсөттүк. Мектеп документтерин талдоо методу менен, мисалы,класстык журналдар аркылуу тажрыйба жана байкоо класстарынын окуучуларынын өздөштүрүү мониторингин аныктадык. Байкоо методуизилдөө ишибиздин бардык этаптарында жүргүзүлдү. Тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методу менен бизкыргыз жазуучуларынын балдар үчүн чыгармаларын окутуу боюнча мугалимдер Бурул Шагданованын, Асыранбек Мааткеримовдун тажрыйбалары үйрөнүлдү жана алардын жыйынтыктары чагылдырылды.

Илимий булактарды үйрөнүү, башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылыгын үйрөнүү методу да эмгекте пайдаланылды жана алардын жүрүшү көрсөтүлдү. Окуучулардын чыгармачылыгын үйрөнүү методу менен 8 мектептин 406 окуучусунун жазган жомоктору, эссе жазуу ишмердүүлүгү менен IV класста К.Баялиновдун «Мурат» деген аңгемесинин негизинде 216 окуучунун жазган эссеси, дил баян боюнча 216 окуучунун 611 дил баяны текшерилип, анализге алынды. Т.Касымбековдун «Курманжан датка энебиздин насааты», К.Жусуповдун «Ата Журт» деген чыгармаларынын негизиндеги дил баяндар мисал катары көрсөтүлдү.

*«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча педагогикалык эксперимент методу»* деген параграфта педагогикалык эксперименттин максаты, милдети, этаптары, натыйжалары чагылдырылды.

Эксперимент үч этапта жүргүзүлдү. Изилдөөгө 425 окуучу катышты, ошолордун ичинен контролдук (байкоо) жана эксперименталдык (тажрыйба) топтор аныкталды. Окуучулардын билим деңгээлин жана компетенттүүлүктөрүн аныктоо үчүн биринчи топто – контролдук топто 3-4-класстар үчүн «Адабий окуу» сабагынын окуу программасына ылайык түзүлгөн окуу китептери колдонулду, мугалимдер бул класстарды салттуу методиканы, атап айтканда, текстти окутуу; чыгарманын мазмунун суроо; чыгарманын мазмунун мугалимдин жана окуучунун айтып бериши; окуу китептеринин авторлору сунуш кылган суроолор жана тапшырмалар менен иштөө ж.б. көп колдонушту. Экинчи топто – эксперименталдык топто, ошол эле окуу программасы, ошол эле окуу китептери пайдаланылды. Бирок төмөнкү ыкмаларды, методдорду мугалимдердин колдонушуна психологиялык-педагогикалык шарттар даярдалды: тексттен этнопедагогикалык идеяларды

бөлүп көрсөтүү; этнопедагогикалык сөздүк түзүү; сөздүктөр менен иштөө; сабакка аксакалдарды, улуу кишилерди, ата-энелерди чакыруу; сабакты кошумча этнопедагогикалык маалыматтар менен камсыздоо ж.б.

Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча педагогикалык эксперименттин экинчи этабында иш-аракеттер жана тапшырмалар бир топ татаалдашты. Алар мындай бөлүктөрдөн турду: Мугалимдер менен аңгемелешүү. Окуучулар менен аңгемелешүү. Окуучуларга жана мугалимдерге анкета таратып, суроолордун жообун алуу. Ата-энелер, класс жетекчилер менен баарлашуу.

Балдар жазуучуларынын чыгармаларынын 3-4-класстын окуучуларына тийгизген билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана элдик салттагы тарбиялык таасиринин деңгээлин билүү үчүн атайын сабактардын системасын алып баруу.

Экспериментатор мугалимдерге алдын ала даярдалган сабактардын иштелмелерин, методикалык колдонмолорду сунуш кылуу.

Контролдук жана эксперименталдык класстарга бирдей эле мазмундагы жана оордуктагы, формадагы оозеки жана жазуу түрүндөгү тапшырмаларды берип, аларды талдоо менен жыйынтык чыгаруу.

**Таблица 2.3.5. – Окуучулардын балдар жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларды кабыл алуу деңгээли (эксперименттин 1-этабы, 2014 – 2015-жылдар, баары – 246 окуучу)**

| **Чыгармалардагы этнопедагогикалык идея** | **(окуучулардын деңгээли (% менен)** | | |
|---|---|---|---|
| | **жогору** | **орто** | **төмөн** |
| Т.Касымбековдун «Туулган жер» аңгемесиндеги жаратылышка мамиле кылуу салттары | 9 | 33 | 58 |
| Б.Абдухамидованын «Эне жана бейиштин мөмөсү» аңгемесиндеги эне жана бала мамилеси | 10 | 32 | 58 |
| Т.Абыкеевдин«Кумурска менен жалкоо» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши | 8 | 30 | 62 |
| Д.Сулайманов «Балапан» аңгемесиндеги гуманисттик идеялар | 11 | 36 | 53 |
| Т.Сыдыкбеков «Мээримдүү канаттуулар» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши | 12 | 40 | 48 |

Жогорудагы таблицада жалпы окуучулар контролдук жана эксперименталдык топторго бөлүнө электеги көрсөткүч. Мында Т.Касымбековдун

«Туулган жер» аңгемесиндеги жаратылышка мамиле кылуу салттарын окуучулардын өздөштүрүү деңгээли изилденген кезде жогорку деңгээл – 9, орто деңгээл – 33, төмөнкү деңгээл – 58 пайызды түздү. Б.Абдухамидованын «Эне жана бейиштин мөмөсү» аңгемесиндеги эне жана бала мамилесин элдик педагогиканын аспектисинен түшүнүүдө жогорку деңгээл – 10, орто деңгээл – 32, төмөнкү деңгээл – 58 пайызды түздү. Т.Абыкеевдин «Кумурска менен жалкоо» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши, Д.Сулайманов «Балапан» аңгемесиндеги гуманисттик идеялар, Т.Сыдыкбеков «Мээримдүү канаттуулар» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши деген проблемалар каралганда да жогорку деңгээл – 8-12 пайыз, орто деңгээл – 30-40 пайыз, төмөнкү деңгээл – 48-62 пайыз болду. Бул болсо окуучулардын көп бөлүгү көркөм чыгармалардагы этнопедагогикалык идеяларды талаптагыдай өздөштүрө албай жаткандыгын көрсөттү.

Биздин методикалык сунуштардан кийин ушул эле проблемалар боюнча эксперименттин үчүнчү этабында контролдук жана эксперименталдык класстардын жогорку, орто жана төмөнкү көрсөткүчтөрү салыштырылды.

**Таблица 2.3.6. – Окуучулардын балдар жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларды кабыл алуу деңгээли (эксперименттин 3-этабы, 2018 – 2019-жылдар, контролдук класстар – 123, эксперименталдык класстар – 123, баары – 246 окуучу)**

| **Чыгармалардагы этнопедагогикалык идея** | **(окуучулардын деңгээли (% менен)** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **жогору** | | **орто** | | **төмөн** | |
| | **к/т** | **э/т** | **к/т** | **э/т** | **к/т** | **э/т** |
| Т.Касымбековдун «Туулган жер»аңгемесин-деги жаратылышка мамиле кылуу салттары | 116 | 448 | 554 | 441 | 330 | 111 |
| Б.Абдухамидованын «Эне жана бейиштин мөмөсү» аңгемесиндеги эне жана бала мамилеси | 22 | 51 | 57 | 38 | 21 | 11 |
| Т.Абыкеевдин«Кумурска менен жалкоо» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши | 24 | 49 | 48 | 35 | 28 | 16 |
| Д.Сулайманов «Балапан» аңгемесиндеги гуманисттик идеялар | 30 | 51 | 44 | 36 | 26 | 13 |
| Т.Сыдыкбеков «Мээримдүү канаттуулар» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши | 26 | 47 | 47 | 38 | 27 | 15 |
| Орточо пайыз | 24 | 49 | 50 | 38 | 26 | 13 |

Мында к/т – контролдук топ, э/т – эксперименталдык топ.

Жогорудагы таблицаны мындайча салыштырууга болот. Беш тапшырма өз-өзүнчө жыйынтыкталып келди (Таблица 2.3.5), андан кийин орточо пайыздык катышы чыгарылды. Ал төмөнкүчө болду:

Жогорку деңгээл: контролдук топтордо – 24 пайыз, эксперименталдык топтордо – 49 пайыз, айырмасы – 25 пайыз.

Орто деңгээл: контролдук топтордо – 50 пайыз, эксперименталдык топтордо – 38 пайыз, айырмасы – 12 пайыз.

Төмөнкү деңгээл: контролдук топтордо – 26 пайыз, эксперименталдык топтордо – 13 пайыз, айырмасы – 13 пайыз.

Демек, биздин методикалык сунуштарыбыздын натыйжасында эксперименталдык топтордо төмөнкү деңгээл контролдук топторго караганда 13 пайызга аз болуп, жогорку деңгээл 25 пайызга өсүш берген.

Таблицадан көрүнүп турган факт – биз сунуш кылган ыкмалар жана жолдор башталгыч класстарды балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууда эффективдүү экендиги эксперименттерибиз аркылуу тастыкталды.

Эксперименталдык топтор менен контролдук топтордун айырмаларын аныктоо үчүн төмөнкүдөй чен-өлчөмдөрдү (критерийлерди) пайдаландык: проблеманы изилдөөнүн негизги максаты жана маңызын түшүнүүсү; проблеманы чечүүдө өз алдынчалуулугу, чыгармачылык изденүүлөрү; этнопедагогикалык маалыматтарды пайдалануусу; адабий чыгарманы этнопедагогикалык негизде талдоо компетенттүүлүгү: мисалдарды алуусу; улуттук салт менен байланыштыруусу; өз көз карашын билдирүүсү ж.б.

Ошентип, балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдерге сунуш кылган жолдорубуз жана ыкмаларыбыз оптималдуу экендиги педагогикалык экспериментте толук тастыкталды.

**III глава «Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы»** деп аталат да, анын *«III класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын элдик педагогика менен байланыштуу окуп-үйрөнүүнүн жолдору жана ыкмалары»* деген параграфында «Адабий окуу» сабагындагы балдар жазуучуларынын көркөм тексттеринин сунушталыш принциптери көрсөтүлөт. Биздин изилдөө боюнча көркөм тексттерде элдик педагогикалык идеялар өзүнчө бөлүнүп турбайт, окуучулар тексти окуу процессинде кыргыз элинин тарбиялык маданияты менен таанышат, дал ошол тарбиялык маданияттын өзүндө элдик педагогикалык идеялар чагылдырылат. Мына ошол идеяларды көрсөтүү үчүн *Т.Касымбековдун «Туулган жер» деген аңгемесинен* үзүндү талдоого алынат. Диссертацияда жазуучу туулган жердин сулуулугун, элдик салттарды, калктын жаратылышка кандай мамиле кылганын, чыгарманын бай тилин

окуучуларга жеткирүүнүн ыкмалары жана жолдору көрсөтүлөт. Башкы каарман Тилегендин бир бейтааныш үйгө токтоп, ал жерден суусундук ичиши менен кыргыздардын ата-бабадан бери келе жаткан меймандостук, жолоочуну сыйлоочулук, кирген адамдын ким экенин билбей туруп ак ичириши ж.б. элдик салттары текстти талдоо процессинде ачып берилет. Экинчи учурда аңгемедеги этногеографиялык көрүнүштөр – жер-суу аттары (Кара-Суу, Булуңдун-Сырты, Үч-Курат, Мал-Калды, Ак-Жол) анализге алынып, алардын келип чыгыш этимологиясы окуучу менен мугалимдин ишмердүүлүгүндө ачылып берилет. Жер-суунун көрүнүшүн жазуучунун сүрөттөп бериши, пейзаждык көрүнүштөрдү чагылдыруудагы улуттук колориттүүлүгү сабакта таблица формасында чагылдырылат.

Этникалык маданият менен терең байланышкан сүрөттөө – каармандардын иш-аракетиндеги улуттук белгилерди көрсөтүү, аны үчүн башкы каармандын ат минип чыгышы, жолдо атын кароосу, аны откоруп, сугарып туруусу, минген атка кылган мамилеси тексттин этнопедагогикалык белгилери менен ар тараптуу байланышат. Диссертациянын 3-главасынын бул бөлүмүндө кыргыздардын минген атына кылган мамилеси, жылкыны кастарлоосу элдик педагогиканын булактарына таянуу менен ачып берилет. Т.Касымбеков «Туулган жер» аңгемесинде жаш өспүрүм Сатыкулдун кандай адам экенин сыноо үчүн анын кыргыз эли байыртадан колдонуп келген педагогикалык салттарына көңүл бурганына басым жасайт. Сабакта этнолингвистикалык түшүнүктөр менен иштөөнүн өзгөчө маанисин көрсөтүү үчүн тексттеги *«жекен», «аргымак», «аргымак оозун чойдуруу», «караны минүү», «каранын оозун чойдуруу», «калкына кетүү», «киндик каны тамган», «биринчи жолу таманын койгон», «бармак басым бир айыл»* ж.б. сөздөрдүн, сөз айкаштарынын мааниси чечмеленет. Бул түшүнүктөр элдин маданияты, этнографиясы, этнопедагогикасы менен тыгыз байланыштуу экендиги сабакта талдоого алынат.

3-класста балдар жазуучуларынан *Дүйшөн Сулаймановдун «Балапан*» деген аңгемеси окутууда автор тууралуу маалымат берилет, андан кийин текст көркөм окулат, анда тоодо өскөн кыргыз балдарынын ой жүгүртүүлөрү, жашоо тиричилиги, аталардын салтын улантышы көрсөтүлөт. Окуучулар менен бирге *«темир канат»* жана *«сары ооз»* деген сөздөрдүн маанилери чечмеленет. Сабакта окуучулар менен кыргыздардын жаныбарларга карата элдик ишенимдеринин маанисин, максатын талкуулоо процесси ушул бөлүмдө чагылдырылып, эл элдик гумандуу педагогика экендиги тастыкталат. Аңгеменин идеясы «Эр Төштүк» эпосундагы, Асан Кайгынын ырларындагы, «Кожожаш», «Карагул ботом» дастандарындагы элдик гуманисттик, элдик экологиялык идеялар менен салыштырылат.

Сабакта текстти терең түшүнүү үчүн колдонулган ыкмалар катары

төмөнкүлөр көрсөтүлөт: текстти үн кубултуп окуу; тексттин мазмунун айтып берүү; тексти жактарды өзгөртүп айтып берүү; тексттин негизинде план түзүү (жөнөкөй жана татаал); интернеттен балапандардын учуп жүргөнүн, сайраганын көрүү; балапандар тууралуу ыр окуу; балапандардын сүрөтүн тартуу; айлана-тегеректен учуп жүргөн канаттууларга, алардын балапандарына байкоо жүргүзүү; «Мекентаануу» китебиндеги жергебиздин канаттуулары тууралуу материалдар менен байланыштыруу.

Андан ары бул параграфта *Түгөлбай Сыдыкбековдун «Мээримдүү канаттуулар»* деген аңгемесин окутууда элдик педагогикалык идеяларды көрсөтүүнүн ыкмалары, жолдору, каражаттары чагылдырылат. Бул чыгарманы окутууда текст окуу, текстти талдоо, топтор менен иштөө, туруктуу сөз айкаштарынын маанисин түшүндүрүү, сүрөттөрдү көрсөтүү, музыканын коштоосунда интернеттен же слайддан чыйырчыктардын үнүн уктуруу, чыгарманын негизинде дил баян жазуу, «Канаттуулардын адам үчүн пайдасы» деген темада оозеки аңгеме айтуу ж.б. методикалык жолдор сунушталат жана аларды өткөрүү жолдору чагылдырылат.

Мына ушундай жолдор, ыкмалар менен 3-класста Темиркул Үмөталиевдин «Наристе чакта көргөнүм», Түмөнбай Байзаковдун «Биз силердей кезибизде», «Атам кызык киши эле», Чыңгыз Айтматовдун «Кичинекей тилмеч» деген аңгемелерин окутуу технологиялары баяндалат.

*«IV класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын окуп үйрөнүүнүн каражаттары, окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруунун формалары жана методдору»* аттуу экинчи параграф башталгыч класстардын жыйынтыктоочу классында балдардын көркөм окуу, адабий чыгарманы талдоо, чыгарманын негизинде ой жүгүртүү ишмердүүлүгү менен байланышкан технологияларды көрсөтүү менен байланышат. Мында көркөм текст түшүнүгүнө аныктама берилди, көркөм окуунун маани-максаты, этаптары аныкталды.

Биздин методикалык ыкма боюнча 4-класста *Касымаалы Жантөшевдин «Ысык-Көл жөнүндө сөз»* аттуу уламышын окутуу процессинде Ысык-Көлдүн сүрөттөрү, видеолору, суунун шарпылдап турган үндөрү, текстин Чыңгыз Айтматов жазып, обонун Муратбек Бегалиев чыгарган, Гүлнур Сатылганова аткарган «Ысык-Көлдү сагынуу» деген ыры заманбап технологияларды пайдаланылып үйрөнүлөт. Мында сабактын натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору: уламыш тууралуу адабий-теориялык түшүнүк берүү; тексттерди бөлүктөргө (он эки бөлүк) бөлүп окутуу, ар бир бөлүк боюнча суроо-жооп уюштуруу; уйкашкан жорго сөздөрдү талдоо; диалогдоштуруу; окуу (ээрчишип окуу, таржымалап окуу, улантып окуу, бөлүктөргө бөлүп окуу ж.б.) ж.б. Бул уламыштын идеясы бүгүнкү күн үчүн өтө актуалдуу болуп, ал элдик педагогиканын нарктуу салттары менен ширелишип турат.

Ошентип бул главада башталгыч мектептин 3-4-класстарында балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутууну кыргыз элинин педагогикалык салттары менен байланыштыруу боюнча өзүбүздүн методикалык сунуштарды чагылдырдык.

## КОРУТУНДУ

Жалпы билим берүүчү мектептердин 3-4-класстарында окуучулардын окуу ишмердүүлүгү, дүйнөнү жана адамды таанып билүүгө болгон кызыгуулары жогорулаган учур болгондуктан алардын нравалык-адептик сапаттарын, акыл-эсин, эстетикалык табитин жогорулатууда адабий көркөм чыгармалардын орду чоң. Адабий чыгармаларды туура окуу, талдоо, андагы эмоционалдык-экспрессивдик маанини түшүнүү үчүн окутуунун салттуу методдору менен жаңы – заманбап технологияларын айкалыштыруунун зарылдыгы турат. Биздин «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деп аталган диссертациялык изилдөөбүз азыркы учурдагы «Адабий окуу» сабагынын мугалиминин кесиптик даярдыгын, профессионалдык компетенттүүлүгүн этнопедагогикалык аспектиден жогорулатууга багытталган.

Диссертацияда иштин максатына, милдеттерине ылайык төмөнкүдөй жалпы жыйынтыктарды чыгардык.

**Биринчи милдет** кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык мазмунун, таалим-тарбиялык функцияларын жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызы аныктоо болгондуктан дүйнөлүк илимдердин соңку жетишкендиктерге таянып, «балдар адабияты», «балдар адабиятынын спецификасы», «балдар жазуучулары», «көркөм чыгармалардагы этнопедагогикалык негиз» деген түшүнүктөрдүн аныктамаларын тереңдеттик, темага ылайык конкреттештирдик. Балдар жазуучуларынын чыгармалары дегенде биз прозалык текте жазылган, балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган аңгемелерди, уламыштарды атап, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы таанып-билүүчүлүк жана тарбиялык функцияларын ачып бердик. Кыргыз элинин кылымдар бою топтоп, муундан-муунга өткөрүлүп келген элдик педагогикалык салттары жазуучулардын көркөм чыгармаларынын мазмунуна кеңири сиңдирилген жана алар азыркы адамзаттын ой жүгүртүүсүнө синтезделген. Мына ушул руханий байлык башталгыч мектепте өз деңгээлинде оптималдуу методикалык ыкмалар жана жолдор менен үйрөнүлүүгө тийиш, ошондо гана мамлекеттик стандартта, окуу программасында талап кылынган шарттар аткарылары диссертациябызда тастыкталды.

**Экинчи милдет** катары башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхый эволюциясына жана анын

изилденишине обзор берүү проблемасы каралган. Кыргыз жазуучуларынын балдар үчүн жазган прозалык чыгармалары XX кылымдын 20-30-жылдарынан башат алат. Адегенде элдик оозеки чыгармалардын негизинде аңгемелерди, жомокторду жаза башташат (А.Токомбаев, К.Баялинов) да, бара-бара жаңы социалисттик турмуштагы балдардын образын түзүүгө өтөт (Т.Садыкбеков, С.Сасыкбаев, К.Маликов). Ушул эле мезгилде алгачкы окуу китептери иштелип, балдар жазуучуларынын чыгармалары иргелип ошол китептерге киргизилип, авторлор өздөрү да орус адабиятынын үлгүсүндө моралдык-этикалык идеядагы чакан аңгемелерди жазышкан (К.Тыныстанов). III-IV класстарда окутулуп келген балдар жазуучуларынын чыгармаларына анализ берүү жана алардын изилденишин талдап көрүү бул процесс совет өкмөтүнүн жана анын жалгыз партиясынын чечимдерин, идеяларын аткаруу менен көп учурда саясатташтырылып келгенин, тематикалык жактан чектелгендигин белгилеп көрсөтүүгө болот. Проблеманын изилденишине Э.Бердибаев, Б.Рысбекова, К.Сартбаев, З.Маразыкова, С.Рысбаев, Б.Абдухамитова, С.Сакиева, А.Токтомаметов, А.Саттарова ж.б. окумуштуулар ар тараптуу салым кошкон, бирок конкреттүү алганда III-IV класстарда прозалык чыгармаларды этнопедагогикалык негизде окутуу багыты системалуу каралган эмес.

Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын (3-4 класс) изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана илимий методдорун аныктоого байланышкан **үчүнчү милдетке** ылайык бир кылымга жакын мезгилдеги балдар жазуучуларынын чыгармалары, окуу программалары, окуу китептери, методикалык адабияттар изилдөөгө алынды. Изилдөөнүн методологиялык негиздери катары философиялык, педагогикалык, психологиялык эмгектер жыйынтыкталды. Изилдөөнүн методдору катары окуу-нормативдик документтери, мугалимдердин иш тажрыйбалары үйрөнүлдү, эмгекте жазууда аңгемелешүү, окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн талдоо, педагогикалык эксперимент ж.б. методдор колдонулду.

**Төртүнчү милдет** башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн формаларын жана методдорун иштеп чыгуу, аларды эксперименттен өткөрүп, жарактууларын практикага сунуштоо болгондуктан «Адабий окуу» предметиндеги балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун ыкмаларын, каражаттарын, формаларын иштеп чыктык, айрым сабактардын үзүндүлөрүн баяндап бердик. Дал ушул милдетке ылайык сунуш кылынган технологияларыбыз мектептерде педагогикалык эксперименттер аркылуу текшерилди, бул болсо биздин методикалык ыкмалардын, каражаттардын, жолдордун тууралыгын тастыктады жана илимий изилдөөбүздүн практикалык баалуулугун жогорулатты.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөдөн алынган жыйынтыктарга караганда иштин соңунду төмөнкүдөй практикалык сунуштарды айтуу зарыл деп эсептейбиз:

1. Ааламдашуу доорунда балдарды адабият дүйнөсүнө тартып, көркөм сөздүн сыйкырдуу күчү менен алардын окурмандык ишмердүүлүгүн жогорулатып, эстетикалык табитин өстүрүп, адептик-руханий тарбиясын жөнгө салуубуз керек, муну үчүн башталгыч класстарда билим берүүнүн мамлекеттик стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин кайрадан иштеп чыгып, балдар үчүн жазылган кыргыз адабиятынын эң таасирдүү жана тарбиялуу чыгармаларын кайрадан тандоодон өткөрүүбүз зарыл.

2. Башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында үйрөнүлүп жаткан жазуучулардын прозалык чыгармалары окуучулардын дүйнө таануусун, турмушту үйрөнүүсүн, адамдарга мамилесин үйрөтүүчү күзгү болуп эсептелет, балдар адабий каармандар менен өздөрүн салыштырат, алардан өздөрүнө идеал табат, андыктан бул чыгармаларды инсанга багыттап, турмуш менен байланыштырып окутууну тереңдетүүнүн мааниси өзгөчө чоң.

3. Көркөм чыгармаларды окутуу азыркы заманбап технологиялардын, анын ичинде интернет материалдарынын, компьютердин, угуу жана көрмө техникалык каражаттардын жардамына өзгөчө муктаж, мугалимдин сабагын ушундай окутуу каражаттары менен камсыздообуз зарыл.

4. Балдар жазуучуларынын прозалык чыгармаларынын антологиясын, хрестоматияларын мезгил-мезгили менен жаңыдан чыгарып туруубуз керек; мектеп мугалимдеринин балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу боюнча тажрыйбаларын топтоп, жыйынтыктап, кайра мугалимдерге сунушташыбыз зарыл; этнопедагогика боюнча окуу китептерин, сөздүктөрдү түзүп, практик мугалимдерге жеткирүүбүз зарыл.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

1. **Маатазимова, Г.Э.** Восстановление кыргызской детской литературы [Текст] / Г.Э.Маатазимова // Проблемы педагогики. – 2019. – Вып. 2 (41). – С. 47-50.

2. **Маатазимова, Г.Э.** Башталгыч класстарда балдар адабиятын окутуунун зарылдыгы [Текст] / Г.Э.Маатазимова // Известия ВУЗов Кыргызстана. –2019. – Вып. 3. – 65-68-бб.

3. **Маатазимова, Г.Э.** Кыргыз балдар адабиятын башталгыч класстарда окуп-үйрөнүү көйгөйүнүн изилденишинин тарыхы [Текст] / Г.Э.Маатазимова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2019. – Вып. 4. – 68-71-бб.

4. **Маатазимова, Г.Э.** Педагогикалык карым-катнаш – мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенүү процесси катары [Текст] / Г.Э.Маатазимова // БГУ жарчысы. – 2015. – Вып. 2. – 187-189-бб.

5. **Маатазимова, Г.Э.** Кыргыз элинин эмгек традициясынын үлгүсүндө балдарды эмгекти сүйүүгө тарбиялоо [Текст] / Г.Э.Маатазимова // ОшМУнун жарчысы. – 2004. – Вып.1. – 149-151-бб.

6. **Маатазимова, Г.Э.** Элдик педагогиканын инсанды калыптандыруудагы ролу [Текст] / Г.Э. Маатазимова // ЖАМУнун жарчысы. – 2003. – Вып.1. – 190-193-бб.

7. **Маатазимова, Г.Э**. Кыргыз балдар адабиятынын этнопедагогикалык мазмуну [Текст] / Г.Э.Маатазимова // ALA-TOO ACADEMIC STUDIES. – 2021. – Вып.1. – 75-79-бб.

8. **Маатазимова, Г.Э.** Башталгыч класстарда «Адабий окуу» предметин окуп үйрөнүү проблемасынын изилдениши [Текст] / Г.Э.Маатазимова // ALA-TOO ACADEMIC STUDIES. – 2021. – Вып.1. – 112-117-бб.

9. **Маатазимова, Г.Э.** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун материалдары [Текст] / ALA-TOO ACADEMIC STUDIES. – 2021. – Вып. 2. – 190-195-бб.

10. **Маатазимова, Г.Э.** 3-класста балдар жазуучуларынынын чыгармаларын элдик педагогика менен байланыштуу окуп үйрөнүүнүн жолдору жана ыкмалары [Текст] / ALA-TOO ACADEMIC STUDIES. – 2021. – Вып. 2. – 93-97-бб.

**Г.Э.Маатазимованын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Түйүндүү сөздөр:** балдар адабияты, балдар адабиятынын спецификасы, балдар жазуучулары, прозалык чыгарма, этнопедагогика, этнопедагогикалык негиз, компетенттүүлүк, этнопедагогикалык компетенттүүлүк.

**Изилдөөнүн максаты:** 3-4-класстардыбалдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн объекти** – башталгыч класстарда кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин III-IV класстарындагы адабий окуу курсунун мазмуну.

**Изилдөөнүн методдору:** адабияттарды теориялык-методологиялык талдоо; нормативдик документтерди үйрөнүү; аңгемелешүү, алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү, анализ, синтез, моделдөө, педагогикалык тажрыйба.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыкты; башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасынын тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши, методологиясы жана методикасы алгачкы жолу атайын максатта анализденди; балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык багытта үйрөтүүнүн натыйжалуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталды; илимий изилдөөдө аныктаган натыйжалуу методдор, жолдор, каражаттар педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы илимий-педагогикалык жактан ар тараптуу иштелип чыккандыктан ал сунуштар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө жана университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда жардам берет.

# РЕЗЮМЕ

Диссертации Г.Э.Маатазимовой **«Этнопедагогические основы обучения произведений детских писателей в начальных классах (3-4 классы)»** на соискание учёной степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызская литература)

**Ключевые слова:** детская литература, специфика детской литературы, детские писатели, прозаическое произведение, этнопедагогика, этнопедагогическая основа, компетентность, этнопедагогическая компетентность.

**Цель исследования:** Теоретическое обоснование методики обучения произведений детских писателей в начальных классах на этнопедагогической основе, разработка путей введения её в практику школ и экспериментальная проверка эффективности предложенных рекомендаций.

**Объект исследования:** Содержание курса литературного чтения в 3-4-х классах.

**Предмет исследования:** Процесс обучения на этнопедагогической основе произведений детских писателей в курсе «Литературное чтение».

**Методы исследования:** Теоретико-методологический анализ литературы; изучение нормативных документов; беседа, изучение передового опыта, анализ, синтез, моделирование, педагогический опыт.

**Научная новизна исследования:** Впервые на основе последних достижений литературоведения, педагогики, психологии разработана современная методика обучения ребят начальных классов произведениям детских писателей на этнопедагогической основе; впервые в специальных целях проанализированы история, современное состояние, особенности, степень изученности, методология методики обучения ребят начальных классов произведениям детских писателей на этнопедагогической основе; определены эффективные методы, пути и средства работы в данном направлении, которые успешно прошли педагогический эксперимент и рекомендованы к использованию на практике.

**Практическое значение исследования:** Разработанная нами с научно-педагогических позиций методика обучения учащихся начального звена произведениям детских писателей на этнопедагогической основе могут быть использованы при разработке учебных программ, учебников, методических пособий, а также при обучении студентов высших учебных заведений умению писать курсовые, дипломные, магистерские работы.

Dissertation research of *G. E. Maatazimova* on "*Methods of teaching on an ethnopedagogical basis of literary works of children's writers in primary grades (grades 3-4)*", presented for the degree of candidate of pedagogical sciences in the specialty of *13.00.02 - theory and methodology of teaching and upbringing (Kyrgyz literature)*


**Abstract**

**Key words:** children's literature, specificity of children's literature, children's writers, prose, ethnopedagogy, ethnopedagogical basis, competence, ethnopedagogical competence.

**The aim of the research:** Theoretical substantiation of the methodology for teaching literary works of children's writers in primary grades on an ethnopedagogical basis, development of ways of introducing it into school practice and experimental verification of the effectiveness of the proposed recommendations.

**The object of the research**: The content of the course of literary reading in grades 3-4.

**The subject of the research:** The process of teaching on the ethnopedagogical basis of the literary works of children's writers in the course of "Literary reading".

**Research methods:** Theoretical and methodological analysis of literature; study of regulatory documents; conversation, study of advanced experience, analysis, synthesis, modeling, teaching experience.

**Research novelty**: For the first time, on the basis of the latest achievements of literary criticism, pedagogy, psychology, modern methodology for introducing primary school children to literary works of children's writers on an ethnopedagogical basis has been developed; also for the first time, for special purposes, the history, current state, features, degree of study, methodology of introducing primary school children to literary works of children's writers on an ethnopedagogical basis have been analyzed; effective methods, ways and means of teaching activities in this direction, which have successfully passed the pedagogical experiment and have been recommended for use in practice, have been determined.

**The practical significance of the research:** The methodology of introducing primary school students to literary works of children's writers on an ethnopedagogical basis, developed by us from a scientific and pedagogical point of view, can be used in the development of curricula, textbooks, teaching aids, as well as in teaching students of higher educational institutions the ability to write term papers, diploma and master's degree theses.

Өлчөмү 60х84 1/16. Көлөмү 1,75 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 100.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com